УДК 415.55/372.3=943.41

Ж. Андабекова

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ЖӨНДӨМӨЛӨРДҮ ОКУТУУНУН АЙРЫМ ЫКМАЛАРЫ

*Бул макалада кыргыз тилин окутуунун орчундуу маселелеринин бири болгон жөндөмөнү түшүндүрүүнүн эффективдүү жолдору көрсөтүлдү. Жөндөлүш типтерин факт-материалдардын негизинде жалпылаштырып бердик. Стандарттуу эмес сабактын бир нече түрүн бердик.*

---

Мугалимдин ишиндеги натыйжалуулук жана сапат анын өз иши боюнча аткарган же аткара турган сабагына, тарбиялык ишине, психологиялык анализ бере билүүсүнө байланыштуу болот. Мугалимдин өз сабагын өзү анализдөөсү же анын башка адам тарабынан анализделиши сабакта пайдаланылган ыкмаларды кароо менен эле чектелбейт. Сабактын сапатын жана окутууну чындап өркүндөтүү үчүн алардын психологиялык мазмунун терең өздөштүрүү зарыл.

Дидактикалык усулдардын психологиялык маанисин баамдап билүүгө зарыл болгон усулду тандап алууга жана андан пайдалануунун ыкмаларын белгилөөгө болот. Бул мезгилде окуучуларга жекече мамиле жасоого жана окутуудагы формалдуулукту болтурбай коюуга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Психологиялык негиздөөсүз башка бирөөлөрдүн ыкмаларын туш келди колдоно берүү болбойт. Көпчүлүк учурда мурдатан жакшы деп саналган ыкмаларды да бул шарт жокко чыгарын салат.

Бир эле окуу материалын түрдүү класстарда бипбирдей усул менен түшүндүргөндө окуучулар ар кандай деңгээлде өздөштүрүп, кээ бир окуучу аны түшүнбөй да каларын байкоого болот.

"Психологиялык анализ баарыдан мурда тигил же бул педагогикалык кубулушту туура кабылдап, башкаруу үчүн, башкача айтканда: окутууну, тарбиялоону кантип жакшыртуу керек, алардын жаратылышында жана мамилелеринде эмнелерди эске алуу керек деген суроолорго жооп берүү үчүн зарыл" [1].

Демек, окуучуларга билим берүүдө болгон мүмкүнчүлүктөрдү толук пайдаланууга туура келет экен.

Кызматташтыктын педагогикасы бир аз эле жөндөмдүүлүк болсо, ал өнүгүп отуруп ой жүгүртүүгө алып келет деп болжолдойт. Жемелөө, мажбурлоо, жекече, кошумча сабак өтүү менен да буга жетишүү мүмкүн эмес, анткени жөндөмдүүлүктүн мындай төмөнкү деңгээлинде өзүн-өзү урматтоонун учурунда гана ийгиликке жетишүүгө мүмкүн.

Биз балдарды кайра тарбиялайбыз. Эгерде эки кызматчы бир бөлмөдө отуруп, бири-бирин кайра тарбиялап киришсе, уруштан башка эч нерсе чыкпайт. Биз кемчиликтерди жана татаалдыктарды көрсөтүү менен баланын инсанына шек келтирбөөгө, аны кордобоого аракет кылабыз.

Негизги максатыбыз – балдарга ак ниет, акыл - эстүү болууга мүмкүнчүлүк берип, өздөрүнүн билими бар экендигине ишендирүү болуп саналат.

Сабак – бул коллективдүү эмгек. Мугалимдин жана окуучулардын коллективдүү чыгармачылыгы. Сабакта бир дагы окуучу эмгектенбей олтурбаш үчүн сөзсүз окуучулар менен мугалимдин ортосунда толук кызматташтык ишкердүүлүк мамиле түзүлүшү зарыл. Педагогикалык практика учурунда мындай өз ара кызматташтык мамилелер өзгөчө даана байкалды.

Окуу программада зат атооч сөз түркүмүнө заттын атын билдирген сөз катарында ким? эмне? деген суроого жооп берерин, ал жекелик жана көптүк санда айтыларын, энчилүү жана жалпы ат болуп бөлүнүшү жана жазуу эрежелери менен чогуу 2-класста 14 саат бөлүнгөн.

Ал эми 3-класста зат атооч, зат атоочтун жөндөлүшүнө чогуу 22 саат бөлүнгөн. Бул бөлүнгөн сааттын негизги көпчүлүгү, албетте жөндөмөлөргө бөлүнөт. Мында аягы үндүү, жумшак жана каткалаң үнсүздөр менен бүткөн зат атооч сөздөрдүн жөндөлүшү, аягы б, в, г, д, ж тыбыштары менен аяктаган сөздөрдүн жөндөлүшү, таандык мүчөлөр

менен зат атоочтун өзгөрүшү, аягы – ск, -фть, -кт, -нд, -нг менен бүткөн сөздөрдүн, жөнөкөй жана татаал зат атоочтордун жөндөлүшү жөнүндө окуучулар жалпы маалымат алышат.

Ошондуктан 22 сааттын 15 сааты жалаң ушул темалар боюнча иштөөгө кетет. Бул темалар өтүлгөндөн кийин жат жазуу иши жүргүзүлөт. Зат атоочтун жасалышын, энчилүү аттарды өткөндөн кийин орто жеринде да жат жазуу ишин өткөрүүгө болот.

Башталгыч класстын окуучулары жөндөмөлөрдү жакшы билишине, мүчөлөрүн алмаштырбай туура колдоно алышына жетишүү үчүн мугалимге көп эле кыйынчылыктар болоору шексиз. Мындан аркы сөзүбүз ошол жөндөмөлөрдү окутуу жөнүндө болмокчу.

Жөндөмө категориясы зат атоочтук же заттык маанидеги башка сөздөрдүн форма жактан өзгөрүлүп, экинчи бир сөз менен багыныңкы байланыш аркылуу айкашуусуна мүмкүнчүлүк берген категория.

Бул категория сүйлөм тизмегиндеги сөздөрдү айтылуучу ойго карай байланыштыруу милдетин аткарат.

Мисалы: Өзүңдөн эмгек кетсе, оозуңдан ашың кетет /Макал/.

Желдей жортуп, батты бир күн дагы да,
Ал өмүрдөн кетти, келбес жагына /Омар Х./

Мында эки сүйлөмдө тең -дан деген чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү катышты.

Кыргыз тилинде 6 жөндөмө бар. Бул жөндөмөлөр түрк тилдеринин бардыгында кездешет. Орхон – Енисей эстеликтериндеги жөндөмөлөрдөн азыркы жөндөмө мүчөлөрүнүн тыбыштык варианты жагынан жана кээ бир мүчөлөрдүн азыркы кыргыз тилинде сакталбай калышы жагынан гана айырмаланбаса, чыгышы жагынан бир. Мисалы, атооч жөндөмөнүн байыркы Орхон-Енисей тилинде да эч кандай мүчөсү болгон эмес. Азыркы кыргыз тилиндей эле атооч жөндөмөдөгү сөздөргө ким? не? деген суроо берилген [2].

1. Атооч жөндөмө мааниси боюнча адамдын, буюмдардын, кубулуштардын атын билгизе тургандыгын, ал эми синтаксистик милдети жагынан дайыма өзүнө эч кандай мүчөнү кабыл албастан, ким? эмне? деген суроого жооп берип, сүйлөмдүн ээлик милдетин аткара тургандыгын өзгөчө баса көрсөтүү керек.

М: Өмүр-күрөш, бакыт-күрөшүп жеңгендик.

2. Ушул атооч жөндөмөдө турган сөздөр баяндоочтун да милдетин аткарат. М: Суу атасы-булак, жол атасы-туяк.
3. Аныктоочтун да милдетин аткарат.

Мисалы: Алтын нур, күмүш күбөк аралашкан.
Көргөндө көтөрүлүп көңүл ташкан. (Ж.Б.)

4. Атооч жөндөмөдө турган сөздөр атама сүйлөмдүн милдетин аткарат. Кыш. Ак кар бермет чачкандай жылт-жулт этет.
5. Атооч жөндөмөдөгү сөздөр башка сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарбастан, каратма сөздүн милдетин аткарат. М: Кош, Алтынай! Кош чырагым! – деп кыйкырды ал. /Ч.А./.

Мына ушул атооч жөндөмөсүндө турган сөздөр башка жөндөмөлөрдөн айырмалана турганын, өзүнчө синтаксистик милдеттерди аткара турганын өзгөчө белгилеп, мисал келтиргенде эле атооч жөндөмөсүндөгү сөздөр кандай милдет аткарганын баса көрсөтүп туруу керек. Окуучулар коюлган талапты аткарат. Бара-бара мындай талдоолор көндүм адатка айланат да, билим алуусунда калыптана баштайт.

Атооч жөндөмөдөн барыш башка жөндөмөлөр пайда болоорун, башка жөндөмөлөр үчүн атооч жөндөмөсү негиз болуп берерин адегенде эле түшүндүрүп коюу абзел. Байыркы эстеликтеги жөндөмө мүчөлөрүн жыйынтыктап карасак, төмөнкүлөрдү көрөбүз.

1. Атооч жөндөмө: атайын мүчөсү жок.
2. Илик жөндөмө: -нын, -нин, -ын, -ин, -иң, -н.
3. Табыш жөндөмө: -ны, -ни / -н, -ыг, -иг, -г/.
4. Барыш жөндөмө: -ка, -ке, -а, -е, / -гару, -геру, ңеру, -ңару/.
5. Жатыш жөндөмө: -та, -те, -да, дө.
6. Чыгыш жөндөмө: -тан, / -тең, -дан, -ден/.

Жогорку жөндөмөлөрдүн ичинен азыркы кыргыз тилинде табыш жөндөмөнүн: -ыг, -иг, -г мүчөсү менен барыштын /-гару, геру, -ңеру, -ңару/ мүчөсү сакталган эмес. Калган жөндөмө мүчөлөр кыргыз тилинде толук сакталган [2].

Мугалим жөндөмөлөрдүн мындай өзгөрүү жолдорун окуучулардын эстерине салып туруусу керек. Окуучулар улам жогорку баскычка өткөн сайын жеңил өздөштүрүүгө, алган билимин калыптандырып алууга жетишет.

Жөндөмөлөр боюнча адегенде оозеки түрүндө иш жүргүзүү керек.

Жөндөмө жөнүндө окуучуларга эң эле жөнөкөй, оозеки сүйлөшүү менен өздөштүрүүнүн алгачкы бир ыкмасын сунуш кылалы.

Ойноп жүргөн балдардын бирөө өзүнүн теңтушунун атын атайт.

Аты – Айдар.

- Сен кимдин теңтушу болосуң? – деп баладан сурап, аны иликтей баштайбыз.
- Айдардын.

Эми биз Айдарды табуубуз керек. Ал бул жерде жашабайт.

- Айдар кайда жашайт болду экен?
- Айдар Караколдо жашайт.
- Кимди табуубуз керек?
- Айдарды.

Айдарды табуу үчүн Караколго барабыз. Караколго келдик.

Айдарды табуу үчүн эми ага баруу керек. –Кайда барабыз? Кимге кезигебиз?

- Айдарга. Сураштырып Айдардын I-Май көчөсүндө турарын билип калдык. Айдарга жолуктук, ал үйүндө экен. Күн да кечтеп калган.

Айдар балдарды үйүнө кондурду. Бир күн Айдардын үйүндө жатты. Эртеси балдар үйүнө кайра кетиш керек. Күнүгө жата берүүгө да болбойт. Себеби, балдардын үйүндө жумушу бар.

Ошентип балдар үйдөн чыгышат. Өз үйлөрүнө кетишет.

Мындай суроо-жооп жөндөмөлөрдүн иретин так өздөштүрүүгө жардам берет.

Мисалы, бир нерсенин же адамдын атын атоо.

Ал адам кимдин баласы же тууганы экенин иликтөө, сураштыруу. Сураштырып, иликтеп алгандан кийин аны табуу.

Таап алган соң, ага баруу керек. Барган соң, сөзсүз, конок болуп жатасың. Эртеси ал үйдөн кетесиң.

Мына ушундай адамдардын ортосундагы өз ара катыш-байланыштан барып жөндөмөлөрдүн аттары аталып калган сыяктуу.

Эмнеси болсо да, жөндөмөлөрдүн атын тактап, окуучуларга оозеки түшүндүрүүдө бизге көпүрө болуп берсе болгону. /Атоо, иликтөө, табуу, баруу, жатуу, чыгуу/.

Кыргыз тилинде алты жөндөмө бар. Ал жөндөмөлөрдүн ар биринин өзүнө тиешелүү аттары, өзүнө тиешелүү суроолору бар. Атоочтон башка беш жөндөмөнүн өздөрүнө тиешелүү уланды мүчөлөрү бар. "Ар бир жөндөмөнүн маанисин окутуу процессинде чечмелеп, мүмкүн болушунча, толугураак түшүндүрүү керек" – дейт профессор К.К. Сартбаев.

Зат атоочтун жөндөмө мүчөлөр менен өзгөрүшүн тааныштыруудагы алгачкы түшүнүк айрым байланыштуу сүйлөмдөр аркылуу түшүндүрүлөт. Анда бир эле зат атоочтун мүчөсү ар бир сүйлөмдө ар башка болуп өзгөрүшү көрсөтүлөт: Мисалы:

Данияр университеттин студенти.

Даниярдын окуганына үч жыл толот.

Даниярды мугалимдер жакшы көрөт.

Даниярга жолдоштору абдан ишенет.

Даниярда жакшы сапаттар көп.

Даниярдан жолдоштору үлгү алат.

Бул текстти сабакка чейин эле таблицага жазып койгону дурус болот. Сабакты өтөөрдүн алдында мугалим окуучуларды бул текст менен тааныштырат /окутат/. Окуучулар ар бир сүйлөмдөгү Данияр деген сөзгө суроо беришет. Доскага текст жазылат, ар бир мүчөнүн астын сызып, анын маанисин түшүндүрөт. Суроонун сол жагына жөндөмөнүн аттарын жазат.

Толук жазылышы төмөнкүдөй болот:

1. Атооч жөндөмө - ким? Данияр.
2. Илик жөндөмө - кимдин? Даниярдын.
3. Барыш жөндөмө - кимге? Даниярга.
4. Табыш жөндөмө - кимди? Даниярды.
5. Жатыш жөндөмө - кимде? Даниярда.
6. Чыгыш жөндөмө - кимден? Даниярдан.

Окуучулар берилген суроолорго карата зат атоочко уланган мүчөлөрдүн өзгөрүшүн байкашат.

Ушундай эле текст эмне? – деген суроо берилген зат атоочтор менен да жүргүзүлөт. Мисалы:

Китеп – адамдын жан досу.

Китептин керектүүсүн алган жакшы.

Китепке кызыктуу окуяларды жазат.

Китепти көп окуу керек.

Китепте акылман сөздөр көп.

Китептен каалаган ойлорду табасың. ж.б.

Мындан кийин мугалим корутунду чыгарат: зат атоочтордун суроолорго карай мүчөлөрүн өзгөртүп турушун, жөндөмөлөр менен өзгөрүшү же жөндөлүшү дейбиз.

Окуучулардын эсинде бекем сакталыш үчүн жөндөмөнүн ар бирине мисал келтирүү менен оозеки түшүндүрө баштайбыз.

Ким? – деген суроого карата адамдын атын атайм.

- Алмаз.
- Нурбек кимдин баласы?
- Алмаздын.
- Кимге барабыз?
- Алмазга.

- Кимди табабыз?
- Алмазды.
- Кимге конуу керек?
- Алмазга.
- Кимден чыгып кетебиз?
- Алмаздан.

Мындай мисал келтирүү менен ким? – деген суроо адамга гана берилерин, суроо өзгөрүү менен бирге зат атоочко уланган мүчө да өзгөрүлүп турарын окуучулар дагы бир жолу эстерине түйүп калат. Эмне? деген суроо адамдан башка жандуу жана жансыз заттарга бериле турганын айтып, оозеки мисал иштейбиз.

Окуучулар жөндөмө мүчөлөрүн толук өздөштүрүп кеткиче "Зат атоочтун жөндөлүшү" деген таблицаны дайыма илип коюу керек

Окуучулар зат атоочтордун жөндөмө мүчөлөр менен өзгөрүшүн өтүү менен бирге эле грамматикалык талдоо жүргүзө баштаганы максатка ылайыктуу болот. Окуучулар мурда "Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү" деген теманы өткөндө /2-класста өтүлгөн/ Ким? Эмне? деген суроо ээге берилгенин билет, эми атооч жөндөмө да ким? эмне? деген суроого жооп бергенин түшүнөт да, мурунку билимин дагы бекемдеп, ээ атооч жөндөмөдө болорун, ага ким? эмне? деген суроо бериле турганын дагы эстерине бекем тута баштайт.

Биз бир талдоонун үлгүсүн берели. Айдар чымчыктын уясын көрдү. Айдар уядан балапанды алды. Айдар балапанды уядан алганга өкүндү.

- Ким уяны көрдү?
- Айдар /Айдар – ээ, зат атооч, атооч жөндөмөдө турат, Ким? деген суроого жооп берет/.

Айдар эмне кылды? /көрдү, алды, өкүндү - баяндооч, эмне кылды? деген суроого жооп берди/. Айдар эмненин уясын көрдү? /чымчыктын – зат атооч, илик жөндөмөдө турат, айкындооч мүчө/.

- Айдар эмнени алды? /балапанды – зат атооч, чыгыш жөндөмөдө турат, айкындооч мүчө/.
- Балапанды Айдар кайдан алды? (уядан-зат атооч, чыгыш жөндөмөдө турат, айкындооч мүчө).

Ушундай талдоолорду жүргүзүү менен бирге окуучулардын сабакты өздөштүрүүсүн улам бекемдеп турууга болот.

3-класстын окуучулары зат атооч жөнүндө 1-2-класста окугандарын эске салып, кайталоо менен бирге грамматикалык материалдарды андан ары кеңейтип өздөштүрө баштайт. 3-класста зат атоочту тереңдетип окутуу окуучулардын логикалык ойлоосу менен сөзүн өстүрүүгө, орфографиялык жана стилистикалык сабатын жогорулатууга тикеден тике байланыштуу болот.

3-класстын окуучуларына зат атооч сөздөрдүн жөндөлүшүн үйрөтүүдө сөздүн аягы үндүү, жумшак, каткалаң үнсүздөр менен бүткөн төл сөздөрдөн башка да, сөздүн аягы –ск, -кт, -фть, -кг, -нд, -нк менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшү окутулат. Буларды окутууда көптөгөн кыйынчылыктар кездешет. Окуучулар өз бет алдынча чыгармачылык менен изложение же сочинение жаза баштаганда, жөндөмө мүчөлөрдү туура билгени дурус. Жөндөмө мүчөлөр сүйлөмдөгү сөздөрдү өз ара байланыштырууда өзгөчө мааниге ээ болот.

Кыргыз тилиндеги жөндөмө мүчөлөр бири-биринен сөзгө уланган мүчөлөрү боюнча суроолоруна карата ачык – так айырмаланат. Сөздүн аягы үндүү, жумшак,

каткалаң үнсүздөр менен бүткөндүгүнө байланыштуу ага уланууччу /илик, барыш, табыш, жатыш, чыгыш/ жөндөмөлөрдүн мүчөлөрү өзгөрө тургандыгын көнүгүүлөр аркылуу, оозеки сүйлөмдөрдү талдоо аркылуу, өзүлөрүнө сүйлөм түздүрүү менен сезимдүү түрдө үйрөтүүгө болот.

"Сөздөрдүн арасында болуучу синтаксистик байланышты жакшы өздөштүрүш үчүн сүйлөмдүн тизмегиндеги жөндөмөлөрдө турган сөздөр менен сүйлөмдүн башка мүчөлөрүнүн арасындагы өз ара байланышты билиш керек, б.а. баш ийип турган сөз менен баш ийдирип турган сөздөрдүн арасындагы катыштарды окуучуларга түшүндүрүү зарыл иш", - дейт педагогика илимдеринин кандидаты Д. Майрыков /Кыргыз тилин окутуунун кээ бир маселелери. III китеп. –Фрунзе: 1961. 3-б./.

Биздин пикирибизди башка биреөлөргө билдирүүдө, сүйлөгөн сөзүбүздү бири-бири менен байланыштырууда эң негизги ролду ойногон жөндөмө мүчөлөргө токтолмокчубуз. Башталгыч класста, 3-класста, жөндөмө жөнүндө жалпы маалымат берилет. Негизги мүчөлөрү көрсөтүлөт. Жөндөмө мүчөлөрдүн жалпы синтаксистик милдети жөнүндө сөз козголбойт. Биздин оюбузча бул да өзүнчө туура сыяктуу, себеби балдардын жаш өзгөчөлүгүнө караганда бул маселени козгоо аларга оордук келтирчүдөй. Колдон келишинче ар бир жөндөмөнү өзүнчө алып карап, окуучуларга сабакты жеңил түшүндүрүүгө аракет кылабыз.

## АТООЧ ЖӨНДӨМӨ

Атооч жөндөмөгө уланууччу мүчө жок, ошондуктан ал башка жөндөмөлөрдөн кескин айырмаланып турат. Ошол эле учурда башка жөндөмөлөр үчүн негиз да боло алат, ошондой эле окутуу учурунда окуучулардын өздөштүрүүсүнө да жеңилдик келтирет.

Окуучуларга түшүндүрүүдө заттын атын билдирген сөз атооч жөндөмөдө турарын, ал ким? эмне?, кимдер? эмнелер? деген суроолорго жооп берерин кыскача түшүндүрүп, китептеги көнүгүүлөрдү оозеки иштетип, анан мугалимдин өзү жазып келген сүйлөмдү доскада иштетүү керек.

Мисалы:

Акыл – тозбогон тон.
Акыл айга жеткирет.

Куштар кайда кетишет?
Жылуу жайга көчүшөт.
Ак кар, көк муз каптаган
Дубандардан өтүшөт.

Мындай мисалдарга суроо берүү жолу менен окуучулардын өздөрүнө таптыруу керек.

Атооч жөндөмөсүн өтүп жатканда көңүл бура турган дагы бир нерсе – таандык мүчөлөр уланган сөздөр.

Бул сөздөр үч жактын бирине таандык экенин, атооч жөндөмөдө ушул уланып турган жак таандык мүчөлөр менен бирге келерин китептеги көнүгүүлөр аркылуу түшүндүрүү керек. Кошумча мисал келтирүү зарыл.

Акылдуу болсо баласы. /III жакта/.
Атанын тынат санаасы /III жакта/.
Эстүү болсо баласы /III жакта/.

Эненин тынат санаасы /III жакта/.
Эринчээктин эртеңи бүтпөйт /III жакта/.
Уйкучуну убакыт күтпөйт.
Улуунун акылы – эм
Укпаган бала кем!
Эрте турган баланын
Эли баалайт талабын /III жакта/.

Бул берилген мисалды окуп берип, өзүлөрүнө окутуп, андан кийин кайсы жакта турганын суроо берип окуучуларга таптыруу, мүчөсү боюнча кайсы жакта турганын өзүлөрү аныктагандан кийин гана таандык мүчө уланган сөз кайсы жөндөмөдө турганын түшүндүрүп берүү. Эгерде жөндөй алган окуучу болсо, анда ага жөндөтүп көрсөтүү керек.

## ИЛИК ЖӨНДӨМӨ

Кыргыз тилинде атооч жөндөмөдөн башка жөндөмөлөрдүн бардыгында өзүнө тиешелүү мүчөлөрү бар. Ал мүчөлөр уңгу сөздүн үндүү, үнсүз менен аяктаганына байланыштуу бир канча вариантта өзгөрөт. 3-класста кандай зат атооч сөздөр жөндөлөрүн жогоруда кеп кылдык. Эмки максат – окуучулар илик жөндөмөнүн негизги мүчөсүн жана анын өзгөрүү варианттарын толук билүү керек. Ошондуктан сөзсүз таблицаны пайдалануу керек. Таблица күн мурун даярдалып, өзгөрүлгөн мүчөнүн варианттары өзүнчө бир түс менен ажыратылып, даана берилиши керек. Бардык эле кыйыр жөндөмөлөрдө таблицаны сөзсүз колдонуу керек. Ошондуктан мындан аркы жөндөмөлөрдө таблицаны түз эле пайдалануу жөнүндө сөз болмокчу.

Илик жөндөмөсүн өткөндө төмөнкү таблицаны пайдаланабыз, окуучуларга ар бир бөлүнүшү боюнча тактап түшүндүрүп, алар түшүнгөн кезде өзүлөрүнө мисал ойлотуп /же даяр мисалды/ аны илик жөндөмөсүнө келтирүү керек. Билбей калган учурда билген окуучулар катасын оңдоп турат.

Теманы өздөштүрүп бүткөн соң, ар кандай сүрөттөрдөн пайдаланып, оозеки мисал иштетүү керек.

| Зат атоочтун аягы үндүү, үнсүз болсо | -нын мүчөсүнүн өзгөрүшү | Мисалы: |
|---|---|---|
| үндүүлөр /а, о, ө, э, и, у, ү/ менен аяктаса: | -нын, -нин, -нун, нүн | баланын, эненин, тоонун, төөнүн |
| жумшак үнсүздөр /б, в, г, д, з, ж, р, м, н, л ж.б./ менен аяктаса: | -дын, -дин, -дун, -дүн | нандын, билимдин, үйдүн, уйдун |
| каткалаң үнсүздөр /т, п, к, ф, х, ц, с, ш, ч ж.б./ менен аяктаса: | -тын, -тин, -тун, -түн | каттын, мектептин, өтүктүн, топтун |

Илик жөндөмө мүчөсү, негизинен 12 вариантта өзгөрүлөт.

Таандык мүчө уланган сөздөрдүн жөндөлүшүн биз берген жокпуз. Себеби, таандык мүчө уланган сөздөрдү бардык эле балдар жөндөй албайт. Оордук келтирет. Окуу китебинде уңгу жана мүчөгө гана ажыратылат. Ошондуктан жөндөмө мүчөнүн өзгөрүшүн мындан аркы таблицада да бергенибиз жок.

Илик жөндөмөнүн мүчөсүн перфокартада же сөздүн мүчөсүн калтырып /көп чекиттин ордуна коюу менен/ иштесе да болот.

Мисалы:

Алыкул Осмонов кыргыз эли … акыны болгон. Ал 1915 – жылы мурунку Фрунзе областы … Калинин районундагы Каптал-Арык айылында туулган. Алыкул балдар … сүйгөн акыны. Мыкты котормочу болгон. Ал Шекспир … Пушкин … ж.б. чыгармаларын кыргызчага которгон.

## БАРЫШ ЖӨНДӨМӨ

Барыш жөндөмөнүн да өзүнчө өзгөчөлүгү бар. Барыш жөндөмөнү түшүндүрүү үчүн атайын таблица пайдалануу керек. Барыш жөндөмө кимге? эмнеге? деген суроого жооп берет.

Таблицага карата окуучулардын өзүлөрүнө мисал ойлотуп, сүйлөм түздүрүү. Сүрөт боюнча сүйлөм түзүү.

| Барыш жөндөмө уланган зат атоочтун аягы | Барыш жөндөмө -га | Мисалдар: |
|---|---|---|
| Үнгү үндүү жана жумшак үнсүздөр менен аяктаса: | -га, -ге, -го, гө | балага, келинге, тоого, төөгө, колго |
| катканаң үнсүздөр менен аяктаса: | -ка, -ке, -ко, -кө | Ташка, китепке, отко, өрткө |

Тапшырма: Төмөнкү сүйлөмдөрдү окугула. Кайсы сөз барыш жөндөмөдө турганын айтып бергиле.

Барсам дагы токойго
Өтүк кийүү жок ойдо
Кокуйлатты бастырбай
Коко тикен чогойно.

Үңүрөйөт кабагым,
Үйгө кайтып барамын.
Колум терсе бүлдүркөн,
Чоңор терди аягым.

Күптү болуп көп этке,
Жата бербей култуюп.
Жөн бараткан дөбөткө,
Үрдү кандек тыңсынын.

Китептен оозеки 220-көнүгүүнү иштөө. /Суроо берүү менен барыш жөндөмөдө турган сөздөрдү табуу/.

## ТАБЫШ ЖӨНДӨМӨ

Табыш жөндөмөсүн өткөнгө чейин эле окуучулар 3 жөндөмөнү өткөн. Аларды айрым-айрым өтсө, окуучулар бара-бара унутуп калышы мүмкүн. Ошондуктан улам жаңы жөндөмө жөнүндө кабар берүүдөн мурун өтүлгөндү бышыктап, кайталап туруу зарыл.

Доскага сүйлөмдөрдү жазып, ага суроо берип, негизги мүчөлөрдү сурап, өзгөрүлүп кеткен варианттарын таптырып туруу керек. Өтүлгөн тема боюнча

кайталагандан кийин табыш жөндөмөсүн өтүү керек. Даярдалган таблицаны окуучуларга көрсөтүп, негизги мүчөсүн, берилүүчү суроосун жана келтирген мисалдары менен бирге окуучулар чогуу талкуулайт. Түшүнбөгөн жерин ошол эле жерден түшүндүрүп берүү зарыл.

Негизги мүчөлөрдү мисал менен чогуу дептерине жаздыруу керек. Жазып бүткөндөн кийин оозеки жөндөтүү жакшы натыйжа берет.

Таблицадан пайдаланабыз

| Табыш жөндөмө уланган зат атоочтун аягы | Табыш жөндөмөнүн /-мы/ өзгөрүшү | Мисалдар: |
|---|---|---|
| үндүүлөр менен аяктаса: | -ны, -ни, -ну, -нү | алманы, энени, тоону, көчөнү |
| жумшак үнсүздөр менен аяктаса: | -ды, -ди, -ду, -дү | Данды, жерди, борду, бүлдүркөндү |
| каткалаң үнсүздөр менен аяктаса: | -ты, -ти, -ту, -тү | Бычакты, китепти, боорсокту, түпкүчтү |

Табыш жөндөмөнүн негизги мүчөсү - -ны. Ал 12 вариантта өзгөрүлгөнүн толуктап түшүндүрөбүз. Атайын даярдалган тексттен табыш жөндөмөсүн таптырабыз.

Мисалы: "Абды мерген аңызы".

Айтак баатыр арчаларды аралап, куурап калгандарын издеп жүрсө, капыл-тапылынан аюу чыга калып, качырып сала берет. Балта жеген жырткыч Айтакты балта чапканга буямасып келтирбей, баса калып башын чайнап салат. Бул окуяны Абды мерген айтып берген.

## ЖАТЫШ ЖӨНДӨМӨ

Жатыш жөндөмөнү өтөөрдөн мурун атайын доскага жазылып коюлган сүйлөмдөрдү окуп, аларды уңгу жана мүчөлөргө ажыратабыз. Кайсы жөндөмөнүн мүчөсү экенин сурайбыз. Барыш жөндөмөнүн мүчөсү менен тааныша башташат.

Мисалы:

Туяктын көркү тулпарда,
Канаттын көркү шумкарда.
Жылкынын көркү железе,
Баланын көркү энеде.
Баатырдык, эрдик жүрөктө,
Балбандын күчү билекте.
Кулпунуп туурда таранса,
Куштун көркү түлөктө. /Токтогул/.

Ушул мисалдарды талдап сурагандан кийин атайын даярдалган таблицаны доскага илебиз. Анда негизги мүчө -га, жатыш жөндөмөгө берилүүчү суроолор жана мисалдары менен жазылган. Аны окутуп, талкуулап, мурунку түшүнүгү менен байланыштырып, окуучуларга түшүндүрө баштайбыз.

"Калптар" деген тема боюнча үзүндүдөн жатыш жөндөмөдө турган сөздөрдү окуучулардын өздөрүнө таптырып, алган билимин бекемдейбиз.

Жалганы жок сөзүмдө,
Көлдө болгон кезимде.

Балыктар менен сүйлөштүм,
Баарын ырга үйрөттүм.
Айтсам эгер чынымды,
Ат кылып минип чымынды,
Көктү тиреп тоо турат,
Көлдү тиктеп ойлонуп.
Толкун катуу суукта,
Тоңуп калган тоо болуп.
Турганда аяз күчүндө,
Бутума чокой кийбеймин.
Көк жалтаң муздун үстүндө,
Жылаңайлак бийлеймин.

Китептен 231-көнүгүүнү жаздырып иштетебиз. Сүрөт менен иштөө керек.

## ЧЫГЫШ ЖӨНДӨМӨ

Чыгыш жөндөмөсүн өтүүдөн мурда атайын даярдалган сүйлөмдөрдү окуйбуз. Кайсы жөндөмөдө турганын окуучулар өздөрү айтат. Андан кийин атайы жасалган таблицаны доскага илебиз. Андагы чыгыш жөндөмөнүн негизги мүчөсү -данды, кимден? эмнеден? кайдан? деген берилүүчү суроолорун мисалдар менен чогуу талкуулап чыгабыз. Окуучулар жакшы өздөштүрүп калган кезде, оозеки жооп берүүгө тартабыз.

Кулпунайдын жытын – ай!
Бир чыксам деп кумардан.
Көңүл көксөп тынчыбай,
Ыргып түштүм дубалдан.

Күзөтчү чал Нусуптун
Төбөсүнө түшүпмүн …
Түк козголтпой орундан,
Бек кармады колумдан.
Ачык турса дарбаза,
Аштың неге дубалдан?
Урмат кылып улууну,
Уялсаңчы кудайдан.

Бул ырды оозеки талдаган соң, окуу китебинен көнүгүү жаздырабыз. Туура аткарганын текшергенден кийин кыргыз элинин макал-лакаптарынан жаздырып, анан өзүлөрүнө да макал ойлоону сунуш кылабыз. Мындагы максат - өтүлгөн теманы жакшы өздөштүрүү менен бирге кыргыз элинин учкул сөздөрүн да колдоно билүүгө, маанисин түшүнүүгө, аны жаттоого тапшырма алышат.

Мисалы, биз төмөнкүдөй макалдарды, ырларды окуучуларга сунуш кылабыз:

Акыл жаштан, асыл таштан
Аалам жарыгы – күндөн,
Адам жарыгы – илимден.

Ай астынан өткөн жигит,
Алтын чоор тарткан жигит.